 DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

ЖУРНАЛИСТИКА
JOURNALISM

УДК: 780.44(44)23

*Дүйшекеева Н.Б.,*
*Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети*

# 1916-ЖЫЛДАГЫ “УЛУУ ҮРКҮН” ЖАНА АНЫН “ЭЛ АГАРТУУ” ЖУРНАЛЫНЫН БЕТТЕРИНДЕ ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ (обзордук макала)

*Дуйшекеева Н.Б.,*
*Кыргызско-Российский Славянский университет им . Б.Ельцина*

# ТРАГЕДИЯ 1916-ГОДА И ЕЕ ОСВЕЩЕНИЕ НА СТРАНИЦАХ ЖУРНАЛА “ЭЛ АГАРТУУ” (обзорная статья)

*Duishekeeva N.B.,*
*Kyrgyz-Russian Slavic University named after B.Yeltsin*

# THE TRAGEDY OF 1916 AND ITS COVERAGE ON THE PAGES OF THE MAGAZINE “EL AGARTUU” (review article)

**Аннотация:** Кыргыз элинин тарыхында да башка улуттар же өлкөлөр сыяктуу согуш, кыргындар, басып алуулар жана кыйроолор болуп келди, ошонун натыйжасында мезгил-мезгили менен улуттук-боштондук көтөрүлүштөр болуп келген. Айрым гана учурларда андай көтөрүлүштөр жыйынтыгын бербесе, көпчүлүк учурларда кыйроого дуушар болгон. Ошондой улуттук-боштондук көтөрүлүштөрдүн бири – 1916-жылдагы падышачылык Россиянын куралдуу аскерлерине каршы кыргыздардын көтөрүлүүсү. Улуттук боштондук көтөрүлүш оъективдүү жана субъективдүү бир катар себептерден улам кыйроого дуушар болуп, жеңилген эл башка өлкөнүн аймагына качып кетүүгө аргасыз болгон. Ошол улуттук боштондук көтөрүлүштү тарыхчылар, адабиятчылар, социологдор менен философтор ар кандай ракурстан карап илимий изилдөөлөрүн жүргүзүштү, илимий макалалар жарыяланды. Ошолордун ичинен мында бир гана “Эл агартуу” журналынын беттерине жарыяланган изилдөөлөр тууралуу бул макалада сөз болот.
***Түйүндүү сөздөр:*** *улуттук-боштондук көтөрүлүш, куралдуу кагылышуулар, падышачылык Россия, улуттук кыймыл, улуттук геноцид, илимий изилдөөлөр, “Эл агартуу” журналы.*
**Аннотация:** На протяжении всей истории кыргызского народа, как и любой другой нации или страны, происходили войны, завоевания и опустошения, в результате чего периодически происходили национально-освободительные восстания. Хотя в некоторых случаях такие восстания не приносили результатов, в большинстве случаев они были разрушительными. Одним из таких национально-освободительных восстаний было восстание киргизов против вооруженных сил царской России в 1916 году. Национально-освободительное восстание потерпело крах по ряду причин, как объективных, так и субъективных, и побежденная нация была вынуждена бежать на территорию другой страны. Данное национально-освободительное восстание рассматривалось историками, литераторами, социологами и философами с разных ракурсов, проводились научные исследования, публиковались научные статьи. Из них в данной статье речь пойдет только об исследованиях, опубликованных на страницах журнала “Эл агартуу”.
***Ключевые слова:*** *национально-освободительное восстание, вооруженные конфликты, царская Россия, национальное движение, национальный геноцид, научные исследования, журнал “Эл агартуу”.*
**Abstract:** Throughout the history of the Kyrgyz people, as with any other nation or country, there have been wars, conquests, and devastation, which periodically led to national liberation uprisings. Although in some cases such uprisings did not yield results, in most cases they were destructive. One such national liberation uprising was the Kyrgyz uprising against the armed forces of Tsarist Russia in 1916. The national liberation uprising failed for a number of reasons, both objective and subjective, and the defeated nation was forced to flee to the territory of another country. This national liberation uprising has been examined by historians, literary scholars, sociologists, and philosophers from various perspectives; scientific studies have been conducted, and scientific articles have been published. This article will focus only on the studies published in the journal “El agartuu”.
***Keywords****: national liberation uprising, armed conflicts, Tsarist Russia, national movement, national genocide, scientific research, journal “Эл агартуу”.*

*Киришүү.* Адамзат тарыхында тээ байыркы мезгилдерден бери эле анын турмушунда эмне деген гана кагылышуулар, баскынчылык жана тукум курутуучулук саясатты көздөгөн согуштар, эркиндик жана өз эл-жеринин көз карандысыздыгы үчүн болгон көтөрүлүштөр болуп келди. Натыйжада, не бир гүлдөгөн цивилизациялар кыйроого учурап, нечендеген улуттар тукум-курут болуп, тарых барактарында «кумга сиңген суудай болуп» белгисиз кала беришти. Кылымдарды карыткан кыргыз элинин карт тарыхында да мындай кагылышуулардын, араздашуулардын жана жоготуулардын көп эле болгондугу белгилүү. Анткен менен тагдырдын не бир татаал кезеңдерин баштан өткөрсө дагы, кыргыз эли өз тилин, дилин жоготпой, улуттук баалуулуктарыбызды көздүн

 DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5


карегиндей кастарлап сактап, аларды «Манас» өңдөнгөн теңдешсиз улуу дастандарыбызда сактап келген.

**Негизги текст.** Бул макалада сөз боло турган 1916-жылдагы «кандуу кагылыш» жана «Үркүн» окуясы, анын натыйжалары кыргыз турмушундагы трагедиялуу учурлардын бири гана. Андан бери жүз жыл убакыт өттү, бул жылдар аралыгында “Улуу үркүнгө”, анын келип чыгуу себебине жана натыйжасына, кыргыз турмушуна тийгизген таасирине арналган нечендеген көркөм чыгармалар, эскерүүлөр, илимий изилдөөлөр жана монографиялар жарык көрдү.

Жогоруда белгилегендей, аталган трагедиялуу окуянын келип чыгышын жана анын кыргыз турмушуна тийгизген таасирин иликтөө тарыхчылардын, социологдордун ж.б. окумуштуулардын милдети болсо, ал эми ал окуялардын кыргыз адабиятында жана басма сөздө чагылдырылышын иликтөөгө аракет жасоо биздин бул чакан макалабыздын башкы максаты.

Чындыгында, “Үркүн” темасы ушул мезгилге чейин искусствонун бардык тармагында кенен-кесир чагылдырылып келди. Тагыраак айтканда, көркөм адабиятта, анын ичинде поэзияда, прозада, драматургияда, көркөм сүрөт өнөрүндө, музыкада ж.б. Көркөм өнөрдүн ар бир тармагы турмуш чындыгына ар кандай көз караштан сереп салат жана ар бири өзүнүн спецификалык өзгөчөлүгүнө, ички мүмкүнчүлүгүнө, чыгарманы жаратып жаткан автордун чыгармачылык дараметине, дүйнөтаанымына жараша чагылдырат. Анткен менен алардын кайсы биринин артыкчылыгын же кемчилигин айтуудан алыспыз. Себеби турмуш чындыгын чагылдырууда алар бири-бирин толуктап, жеткиликтүүлүгүн, образдуулугун арттырып турат. Мисалы, С.Чуйковдун “1916-жыл” деп аталган картинасы ошол коогалаңдуу күндөрдүн бир үзүмүн чагылдырса, Ж.Турусбековдун “Ажал ордуна” драмасы өңдөнгөн ондогон драмалык чыгармалар көз алдыбызга ал окуялардын жандуу элесин тартуулап, ар кайсы жылдарда кыргыз театрларында сахналаштырылып келди. Ал эми “Үркүн”, “Токмоктогу беттешүү”, “Кааттуу күн”, “Качак турмушу” аттуу элдик күүлөр менен ырларда трагедиялуу мотив артыкчылык кылып, ал күндөрдөгү каргашаны музыканын тили менен тартуулады.

Ал эми 1916-жылдагы ошол каргашалуу окуянын кыргыз адабиятында чагылдырылышы тууралуу пикирин филология илимдеринин доктору, профессор А.Турдугулов төмөндөгүчө билдирет: “Үркүн учурундагы улуттук трагедия көркөм адабиятта ар кандай жанрларда трансформацияланды. Акындык поэзияда Алдаш Молдонун “Үркүн” казалы, Ысак Шайбековдун “Азган эл”, “Кайран эл”, “Кайткан эл” поэма-трилогиясы, жыйырманчы жылдары К.Тыныстановдун “Сурачы, досум, сурачы” деген аталыштагы 82 сап ырдан турган көлөмдүү чыгармасы, Касымалы Баялиновдун “Ажар” повести, андан бери жылдарда Мукай Элебаевдин “Бороондуу күнү” аңгемеси, “Узак жол” автобиографиялык романы, Жусуп Турусбековдун “Ашууда”, “Ук, жер жүзү” ырлары, “Ажал ордуна” драмасы, Аалы Токомбаевдин ыр менен жазылган “Кандуу жылдар” романы...

Ар кандай жанрда, ар кайсы авторлордун ар кайсы жылдарда жазылган бул адабий мурастарын бириктирип турган бир гана тема – Үркүн темасы, андагы улут трагедиясы эле. Бир эле теманы авторлор ар кандай ракурста, ар кандай абалда бири экинчисинен башкача, өзгөчө ыкмада интерпретациялады. Мында биринин фонунда экинчи бир автордун жөндөмү чектелип, мааниси, ролу төмөндөп калган жок, же алар ар түрдүүчө сүрөттөгөн трагедиянын мааниси төмөндөгөн жок. Тескерисинче, түрдүү жанрдагы ал адабий мурастар бирин экинчисин толуктап, ошондо жүз берген улут трагедиясынын, опуртал окуянын трагизм палитрасын даана, ачык, элестүү берүүдө бири экинчисине көмөк болду” [1, 72-б.].

Окумуштуунун жогорудагы пикиринен көрүнүп тургандай, үркүн темасы кыргыз адабиятынын ар кайсы жанрында жеткиликтүү деңгээлде трансформацияланды. Аны авторлордун ар кимиси өз чыгармачыл дараметине жараша көркөм образдар аркылуу таасын чагылдырууга далалаттанышты. Айрымдары ошол мезгилдеги саясий чектөөлөрдөн улам окурмандар журтчулугуна тартууланбай калган учурлар да кездешкен. Анткен менен алардын көпчүлүгү кыргыз басма сөзүндө ушул өткөн жүз жыл аралыгында үзбөй эле жарыяланып келсе, кээ бир чыгармалар мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун программаларына киргизилип, “Эл агартуу” журналы өңдөнгөн илимий-методикалык журналдарда аларды окутуунун методикасына, чыгарманын көркөм образдар системасына, эстетикалык сулуулугуна, анын идеялык адеп-ахлактык мазмунуна байланышкан макалалар үзгүлтүксүз жарыяланып жүрүп олтурду.

Тагыраак айтканда, 1998-жылы “Эл агартуу” журналына жарык көргөн “Жалпы орто билим берүүчү кыргыз мектептеринин V–XI класстары үчүн кыргыз адабиятынын программасында” [2, 37 б.] (*Түзүүчүлөр: С.Байгазиев, А.Муратов.)* V класста Ы.Шайбековдун “Кайран эл” чыгармасынын негизинде 1916-жылдагы Үркүн окуясын жана анын көркөм чыгармада чагылдырылышына, ошол мезгилдеги калктын абалына, эл башына түшкөн оор күндөрдү чагылдырууда акындын чеберчилигин окутууга 2 саат, VI класста М.Элебаевдин “Бороондуу күнү” чыгармасына 2 саат, А.Токтомушевдин «Какшаалдан кат» поэмасы менен Ата журтунан алыс калган кыздын оор турмушун, туулган жерге болгон кусасын, сагынычын, эркиндик үчүн болгон күрөшүн, эркиндикке жетүү үчүн болгон аракетин чагылдырган чыгарманы окутууга 2 саат, IX класста К.Баялиновдун өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат берүү менен Кытай жерине качып барган кыргыз кыздарынын типтүү турмушуна кайрылган «Ажар» повестине 3 саат, X класста М.Элебаевин өмүрү жана чыгармачылык жолу менен «Узак жол» романына 5 саат, Ж.Турусбековдун өмүрү, чыгармачылык жолуна жана «Ажал ордуна» драмасына 4 саат, А.Токомбаевдин өмүрү жана чыгармачылык жолу, лирикалары менен «Кандуу жылдар» романына 7 саат убакыт бөлүнгөн.

Ошондой эле программада төмөндөгүлөргө көңүл буруу сунушталган: «Кандуу жылдар» романынын жазылыш тарых-таржымалы. Романда тарыхый учурдун – Октябрь төңкөрүшүнүн алдындагы эл турмушунун реалисттик чагылдырылышы. Улуттук-боштондук көтөрүлүшүнүн чыгуу себеби, көтөрүлүштүн башталышы, жүрүшү, кыймылдаткыч күчтөрү, элдин жазаланышы. Кытай тарапка элдин качышы, жолдогу азап-тозоктор, Кытайдагы оор күндөр, ырайымсыздык. Кеңеш бийлигинин орношу. Романдын көп кырдуулугу: татаал сюжети, ыр менен жазылгандыгы, сүрөттөөлөрүнүн кенендиги, каармандарынын көптүгү. Сүрөттөө объектисинин өткөөл учур экендиги, образдарынын реалдуулугу, чагылдырган көрүнүштөрүнүн трагедиялуулугу. Мекенди сүйүү, азаттык, достук, сүйүү темасы, Алымкул, Жунуш, Антон, Мурат, Железнов сыяктуу эл тарабындагы каармандардын жана элге каршы Төлөк, Жапай, Чолпонбайлардын образдары. Эл массасынын ролу. Кыргыздарга геноцид алып келген падышалык желдеттер, кытай феодалдары жана эл ичинен чыккан кыргыз төбөлдөрү. Романдын көркөм-эстетикалык салмагы, кыргыз адабиятындагы орду» [2, 41- 42 бб.].

Жогоруда белгилегенибиздей, аталган чыгармаларды окутууга байланышкан макалаларды «Эл агартуу» журналынын ар кайсы жылдардагы сандарынан кезиктирүүгө болот. Мисал катары аталган журналдын 1976-жылдагы №10 санына жарык көргөн К.Касымалиеванын “М.Элебаевдин “Узак жол” повестиндеги Бурмаке эненин образын түшүндүрүү” деп аталган макаласын айтууга болот. Негизинен, чыгармада автордун алдына койгон максаты – өз үй-бүлөсүнүн турмушу аркылуу Октябрь революциясынын жеңер алдындагы карапайым кыргыз турмушун, ачарчылыкты, улуттук-боштондук кыймылдын кырдаалын көрсөтүү болгондугу белгилүү. Ал эми автор бул макаласында Бурмаке эненин образына токтолуп, ал аркылуу ошол мезгилдеги аялдардын, энелердин образын тереңдеп ачып берүүгө аракеттенген. Бул оюн автор төмөндөгүчө билдирет: “Бурмакенин образы – адамгерчиликтин, боорукерликтин, айкөлдүктүн образы. Көптү көрүп дасыккан, үй-бүлөнүн куту да, тарбиячысы да, акыл-насаатчы да энелердин образын туура анализдеп, балдарга ачып көрсөтүү, энелердин эң сонун асыл сапаттарын балдардын көз алдына тартуулоо учурдагы зарыл милдеттердин бири. Ошондуктан ушул темага ылайык X класста адабият сабагынын негизги максатын мен адам баласындагы боорукерликтин, адамгерчиликтин, гумандуулуктун үлгүсүн Бурмаке байбиченин образы аркылуу ачып көрсөтүүнү максатка ылайык деп алдым” [3, 52-53-бб.].

Чындыгында, “Узак жолдон” топ жетимдерге ырайымдуулук менен мамиле кылган, өмүрүнүн акырына чейин жетимдерден жакшылыгын аябаган Бурмаке эне аркылуу эзелтеден бери эле бир туугандардын балдарын өз балдарындай көргөн, меники-сеники деп бөлбөгөн, бар нерсесин ортого салып, жакшылык-жамандыкты бирге көтөрүп, бири-бирине таяныч болгон кыргыздын кутмандуу карыларынын образын, жалпы эле кыргыз калкынын үй-бүлөдөгү биримдиктүү традициясын көрөбүз.

Ал эми А.Сманбаевдин ушул темага байланышкан бир макаласы “Ж.Турусбековдун “Ажал ордуна” драмасын образдар боюнча талдап окутуунун ыктары” деп аталат. Макалада автор драмадагы образдарды талдоо менен андагы негизги каармандардын толук ажарын ачып көрсөтүүгө, ар бир негизги каарман боюнча окуучулардын портреттик мүнөздөмө түзө билүүсүнө

жетишүүгө чакырат. Ал образдар аркылуу ошол мезгилдеги турмуш чындыгын, коомдук-саясий абалды, элдин ага карата болгон мамилесин түшүнүүгө болорлугун белгилейт жана жалпы эле “Ажал ордуна” драмасынын баалуулугуна мындайча токтолот: “Драма 1916-жылдагы тарыхый окуяны туура чечип көрсөткөндүгү үчүн гана эмес, драматургиядагы образ түзүү, диалог куруу, катышуучу каармандарга ачык-айкын тил мүнөздөмөсүн берүү, элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүн туура пайдалана билүү сыяктуу көптөгөн маселелерди туура чечкендиги менен да баалуу” [4, 39-б.].

Жогоруда аталган көркөм чыгармаларга удаа Г.Станалиеванын аталган журналга жарык көргөн “М.Элебаевдин “Узак жол” романында улуттук боштондук көтөрүлүштүн чагылдырылышы” [5, 27-36-бб.], Г.Абдрахманованын “Кандуу жылдар” романын талдоого алган “Улуу үркүн жана көркөм чыгарма” [6, 47-52-бб.], А.Турдугуловдун “1916-жыл. Анын адабият менен искусстводо көркөм трансформацияланышы” [7, 43-47-бб.] аттуу макалаларын атай кетүү ылайыктуу.

Г.Станалиева менен Г.Абдрахманова аталган чыгармалардын көркөмдүк табиятын, темасынын актуалдуулугун, көркөм образдар системасын, авторлордун реалдуу чындыкты көркөм чагылдырууда жетишкен ийгиликтерин талдаса, профессор А.Турдугулов 1916-жылдагы улут трагедиясынын жалпы эле кыргыз адабияты менен искусствосунда көркөм трансформацияланышына кеңири токтолгондугун көрүүгө болот.

Г.Станалиева аталган макаласында “Узак жолдун” ийгиликтеринин бири катары анын образдар системасынын жеткиликтүү деңгээлде мыкты иштелгендигин белгилейт. Алар турмуштун оош-кыйыш шарттарында адамдык бийик нарк-насилди түшүрбөй сактап келгендигине, автордун реалдуу чындыкты жымсалдабай даана сүрөттөгөндүгүнө суктанып, төмөндөгү пикирди билдирет: “Автор ар бир каарманына жекече мамиле жасайт. Чыгармадагы башкы каармандын эволюциялык өсүшүнө, терең психологизмге сүңгүгөн ой-туюмдарына жазуучу эч кандай кысым жасабайт. Ал табиятында кандай болсо, дал ошол калыбында чагылдырылат. Өспүрүм баланын кыйын шарттарда бир кесим нан табыш үчүн түйшүктүн түркүн түрүн жасашы, жада калса кайырчы болуп сандалышы тек гана бытовизмге сугарылган эпизоддор эмес. Автор муну менен ошол “майда-барат күнүмдүктүн” артындагы жашоого болгон умтулууну, кайраттуу күрөштү чагылдырып турат.

...Саясаттын туткуну болуп, ачык-айрым айтылбай келген улуттук-боштондук көтөрүлүштүн илимий-тарыхый мүнөзү так аныкталбай жүргөн мезгилдерде “Узак жол” орус падышачылыгынын итчилик саясатынын бетин ачып, тарыхый чындыкты көркөм чагылдырууга жетишкен. М.Элебаевдин бул романы реалдуу чындыктан көп узаган эмес, тескерисинче, аны ар тараптуу чагылдыра алган күзгү катары баалоого арзыйт” [5, 29-35-бб.].

Ал эми Г.Адрахманованын жогоруда белгиленген “Кандуу жылдар” романын талдоого алган “Улуу үркүн жана көркөм чыгарма” аттуу макаласы адабий туундунун көркөм дүйнөсүн талдоону максат кылганы менен, негизинен Россия империясынын ошол кездеги колонизатордук саясатын, анын Орто Азия элдеринин турмушуна тийгизген таасирин, карапайым калктын турмуш шартынын оордугун, жакырчылыкты, кыргыздардын айдоо жерлеринен айрылышы, жергиликтүү калкты оорук жумуштарына тартуу маселеси, анын негизинде 1916-жылдагы коогаландуу окуянын себебин баяндоо менен чектелип калгандай сезим туудурат. “Кандуу жылдар” романынын сюжетин, композициясын, образдар системасын, автордун чыгарма жаратуудагы ийгиликтери менен кемчиликтерин талдоо экинчи планга жылып кеткендей ойдо каласың. Тек гана макаланын аягында: “Үрккөн элдин жолдо көргөн азап-тозогу, ашуулардагы, кечүүдөгү, жазууга адамдын дити даабаган тири шумдук көрүнүштөр, кыргыз адабиятында жүрөк титирегидей элестүү берилген. Буга бир эле мисал болгон Аалы Токомбаевдин “Кандуу жылдарынын” “Даярдык”, “Курал”, “Кол салуу”, “Бетме бет”, “Өрт ичинде”, “Коркунучтуу көрүнүш”, “Ак Өгүздүн ашуусунда” аттуу бөлүмдөрдөгү ар бир сап ырайымсыздыктын жеткен чегин ашкерелеп турат” [6, 51-б.] деген пикирин көрүүгө болот.

Деген менен искусствонун кандай гана тармагы болбосун, алардын негизги максаты элдин, улуттун башынан кечирген ар кандай окуяларын, айрыкча, трагедиялуу окуяларын көркөм чагылдыруу милдетин аркалоо экендиги белгилүү.

Жогоруда белгилегенибиздей, профессор А.Турдугулов 1916-жылдагы улут трагедиясынын жалпы эле кыргыз адабияты менен искусствосунда көркөм трансформацияланышына кеңири токтолуу менен, алардын ар бирине бирден кайрылып, т.а. улуттук музыка өнөрүндө, адабиятта,

көркөм сүрөт өнөрүндө, театрда чагылдырылышын шурудай тизмектеп, “жиликтеп” талдап чыккандыгына күбө болобуз. Андыктан трагедиялуулук адабият менен искусствонун обьектисинде илгертен бери жашап келе жаткан эски темалардын бири экендиги анык. Бул ойду А.Турдугуловдун аталган макаладагы төмөндөгү пикири да далилдеп тургандай: “Ар кандай улуттун басып өткөн тарыхый жолунда ири этаптуу окуялар тарыхый-хронологиялык өңүттөн гана каралып чектелбей, андай окуялардын адабият менен искусство чыгармаларында трансформацияланышы мыйзам ченемдүү көрүнүш, мындай болбоого дегеле мүмкүн эмес. Бул алмуздактан бери жашап келе жаткан заң, мыйзам, жоболор чыгармачылыктын мыйзам, жоболору. Мындай болбогон бир да улутту жолуктурууга болбойт” [7, 47-б].

*Корутунду.* Демек, көркөм адабиятта кыргыз акын-жазуучулары жана драматургдар ошол мезгилдеги улут трагедиясын көркөм адабиятта жана искусстводо бир топ деңгээлде жеткиликтүү чагылдыра алды дегенге толук негиз бар деп ойлойбуз. Ал эми ал чыгармаларды окутуунун методикасын жарыялоодо жана алардын көркөм дүйнөсүн изилдөөгө алган материалдарды чагылдырууда “Эл агартуу” журналы дагы өзүнүн бараандуу салымын кошуп келди десек жарашат. Аталган педагогикалык жана илимий-методикалык журналдын беттеринде системалуу жарыяланып турган мындай макалалар филолог-студенттерге, аспиранттар менен магистранттарга, мектеп мугалимдерине практикалык жардам көрсөтөт деген ишеним бар.

### *Адабияттар:*

1. Турдугулов А. 1916-жылдагы Улуттук трагедиянын көркөм адабиятта трансформацияланышы / А. Турдугулов // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. – Б., 2012. – С. 72
2. Кыргыз адабиятынын программасы (5-11-кл. үчүн) / Эл агартуу. – Б., 1998. – №11-12.
3. Касымалиева К. М. Элебаевдин “Узак жол” повестиндеги Бурмаке эненин образын түшүндүрүү / К. М. Касымалиева // Эл агартуу. – Б., 1976. – №10.
4. Сманбаев А. Ж.Турусбековдун “Ажал ордуна” драмасын образдар боюнча талдап окутуунун ыктары / А. Сманбаев // Эл агартуу. – Б., 1978. – №3.
5. Станалиева Г. М.Элебаевдин “Узак жол” романында улуттук боштондук көтөрүлүштүн чагылдырылышы / Г. Станалиева // Эл агартуу. – Б., 2002. – №1-2
6. Абдрахманова Г. Улуу үркүн жана көркөм чыгарма / Г. Абдрахманова // Эл агартуу. – Б., 2001. – №11-12
7. Турдугулов А. 1916-жыл. Анын адабият менен искусстводо көркөм трансформацияланышы / А. Турдугулов // Эл агартуу. – Б., 2016. – №1-2